| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛАСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>СОКУЛУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ |
|---|---|

03.02.2023ж № 02-6/4

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«Сокулук айыл өкмөтүнүн 2023 – жылга карата бюджетин жана 2024 – 2025 жылдарга божомолун бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин №102 беренесине ылайык Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовдин жана каржы – экономика бөлүмүнүн башчысы Н.К.Сулпукорова жана киреше бөлүгү боюнча жетектөөчү адиси Д.Б.Байзаковдун Сокулук айыл өкмөтүнүн 2022 – жылдагы бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча аткарылышы, 2023 – жылга карата бюджеттин киреше жана чыгыша бөлүгү боюнча планын жана 2024 – 2025 жылдарга божомолун бекитүү, 2023 – жылдын 01 – январына калган эркин калдыктар жана атайын эсептин киреше жана чыгашасын бекитүү жөнүндөгү баяндамаларын угуп жана талкуулап Сокулук айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сокулук айыл өкмөтүнүн 2023 – жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча жылдык планы атайын эсепти кошпогондо 69 776,0 миң сом болуп бекитилсин, атайын эсеп менен 74 276,0 миң сом (№1 тиркеме).
2. Сокулук айыл өкмөтүнүн 2023 – жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү боюнча жылдык планы атайын эсепти кошпогондо 69 776,0 миң сом болуп бекитилсин, атайын эсеп менен 74276,0 миң сом (№2 тиркеме).
3. Сокулук айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 2023 – жылга карата штаттык тизими бекитилсин (№3 тиркеме).
4. Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин болжолу 2024 – жылга 87 221,0 миң сом, атайын эсеп менен 91 721,0 миң сом ал эми 2025 – жылга 91 386,7 миң сом , атайын эсепти кошкондо 95 886,7 миң сом болуп бекитилсин (№4 тиркеме).

**5.** Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысына жумуштун зарылчылыгына жараша бюджетти аткаруу максатында, акча каражатын мыйзамдын чегинде бөлүмдүн ичинде беренеден беренеге өзгөртүүлөрдү жана тактоолорду киргизүү укугу берилсин.

**6.** Сокулук айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн бекитилген пландан ашык түшкөн каражатты жумуштун зарылчылыгына жараша мыйзамдын чегинде, айыл аймакты өнүктүрүү максатында пайдалануу укугу берилсин.

**7.** Республикалык бюджеттен келген акча каражаттары максаттуу түрдө жумшалсын.

**8.** Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023 – жылга карата резервдик фонду жергиликтүү бюджеттин жалпы көлөмүнүн 1,5 % ченеминен ашпай түзүлсүн.

**9.** Сокулук айыл өкмөтүндөгү ипподромду кайтарган кароолчулардын эмгек-акысы 2023-жылдын 1-январынан баштап штаттык ыраттаманын негизинде 7040 сомго жогорулатылсын (4-кызматкер, ар биринин бир айлык маянасы 7040 сомду түзөт).

**10.**Сокулук айыл өкмөтүнүн сот аксакалдарына сый-акы катары жергиликтүү бюджеттен 2023-жылга 200,0 миң сом акча-каражаты каралсын.

**11.**Авто-унааларды токтотуш үчүн гараж сатып алууга бюджеттен 13 955,0 миң сом бөлүнсүн.

**12.** Таштандыларды чыгарууга авто-унаа сатып алууга 10 510,3 миң сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнсүн.

**13.** МИ “Таза Сокулук” көп жылдан бери келе жаткан соц.фондко болгон карызын төлөөгө жергиликтүү бюджеттен (эркин калдык) 2 000,0 миң сом бөлүнсүн.

**14.**Бул токтомду, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин нормативдик – укуктук актыларынын бирдиктүү реестрине киргизүү үчүн, Чүй – Бишкек аймактык юстиция башкармалыгында каттоодон өткөзүү милдети Сокулук айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлсүн.

**15.**Токтомдун аткарылышы Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.А.Байжигитовге жүктөлсүн.

**16.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айылдык Кенешинин бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **З.Саткеева**